Бул багыт – кыргыз элинин маданий өзгөчөлүгүн жана улуттук иденттүүлүгүн сактап калуунун маанилүү куралы болуп саналат.

Кыргыз эли - дүйнөлүк цивилизациянын ажыргыс бир бөлүгү, андан четте калууга акыбыз жок. Биз жалпы адамзат дүйнөсүнө нечендеген кылымдардын сыноосунан тайгылбай өткөн улуттук өзгөчөлүгүбүздү, ата-бабабыздын нарк-насилин, улуттук салт-санаабызды, маданий жана руханий баалуулуктарыбызды сактоо менен кирип, өзүбүздүн татыктуу ордубузду табууга милдеттүүбүз.

Колдонулган адабияттар

1.Абдылдаев Т. Кыргыз элинин нарк-насили. — Бишкек: Билим, 2010. — 180 б.
2.Касманбетов С.С. Нарк куржун 1,2. — Бишкек, 2024. — 16 б.
3. «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгузолу доктринасы. 2024. ПЖ № 369
4. Шаронова Е. Г. Народные традиции как фактор формирования экологической культуры личности Вестник ЧГПУ им. И. Я. Яковлева. 2010. № 3(67). Т. 1.- С.180-184

УДК 821.512.154 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.553**

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН "ДЕҢИЗ БОЙЛОЙ ЖОРТКОН АЛА ДӨБӨТ” ПОВЕСТИНДЕ ПЕДАГОГИКАЛЫК МАСЕЛЕЛЕР

Орозалиева Б.Э.
ORKID:0009-0001-8752-2279
ОшМПУ. Колледж,
окутуучу магистр
orozalievabubusaira03@gmail.com

ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ АСПЕКТЫ ПОВЕСТИ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА «ПЕГИЙ ПЁС БЕГУЩИ ПО КРАЯМ МОРЯ»

Орозалиева Б.Э.
ORKID:0009-0001-8752-2279
ОшГПУ, колледж, преподователь

PEDAGOGICAL ISSUES IN CHINGIZ AITMATOV'S STORY "THE SPOTTED MOOSE WALKING ALONG THE SEA"

Orozalieva B.E.
ORKID:0009-0001-8752-2279
college, teacher Master, of Osh S.P.U.
orozalievabubusaira03@gmail.com
bubusaiaorozalieva@gmail.com

Аннотация.

Бул макалада Чыңгыз Айтматовдун “Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт” повестиндеги эң чоң тарбиялык маанидеги элдик педагогиканын көрүнүштөрү талдоого алынат. Чыңгыз Айтматов бул чыгармасы аркылуу Сахалин аймагында жашаган чакан нивх уруусунун улуу муундан кичүү муунга өтүп келген адеп-ахлактык баалуулуктар көркөм чагылдырылат. Макалада каармандардын жүрүм-туруму, алардын ортосундагы мамилелер жана турмуштук кырдаалдар аркылуу элдик педагогиканын негизги принциптеринен болгон урмат-сый, сабырдуулук, кайраттуулук, мекенчилдик, келечек муундардын алдында улуу муундардын жоопкерчилиги берилет. Макалада элдик педагогика менен бирге жаш муундарга экологиялык тарбиянын да абдан маанилүү жана таасирдүү экендиги чагылдырылган. Суунун баалуугу, адам баласынын табияттын закон ченемдүүлүктөрүнүн алдында алсыз экендиги ачык

көрсөтүлөт. Ошондой эле бул повесттеги тарбиялык маанидеги сюжеттерди билим берүү процессинде колдонуу мүмкүнчүлүктөрү сунушталат.

Ачкыч сөздөр: *элдик педагогика, тарбия, адеп-ахлак, салт, табият, тарбиялык баалуулуктар, улуттук маданият, каармандар, символдор.*

Аннотация

В данной статье анализируются наиболее воспитательные аспекты народной педагогики в рассказе Чингиза Айтматова «Пегий пёс бегущий по краям моря». В этом произведении Чингиза Айтматова художественно отражены нравственные ценности небольшого нивхского племени, проживающего в Сахалинской области. Статья, через поведение персонажей, их взаимоотношения и жизненные ситуации, представляет основные принципы народной педагогики – уважение, терпимость, мужество, патриотизм и ответственность старшего поколения перед будущими поколениями. Статья отражает большую важность и влияние экологического воспитания на молодое поколение наряду с народной педагогикой. Четко показана ценность воды и бессилие человека перед законами и правилами природы. Также предлагаются возможности использования образовательных сюжетов этой истории в образовательном процессе.

Ключевые слова: *народная педагогика, образование, нравственность, традиция, природа, образовательные ценности, национальная культура, персонажи, символы.*

Abstract

In this article, the most educational aspects of folk pedagogy are analyzed in Chingiza Aitmatova's story "Pegii pyos beguschii po kraiam mora". Through this work of Chingiz Aitmatov, the moral values of the small Nivkh tribe living in the Sakhalin region are artistically reflected. The article, through the behavior of the characters, the relationships between them and life situations, presents the main principles of folk pedagogy - respect, tolerance, courage, patriotism, and the responsibility of the older generation to future generations. The article reflects the great importance and influence of ecological education for the younger generation, along with folk pedagogy. The value of water and the powerlessness of man before the laws and regulations of nature are clearly shown. It also suggests the possibilities of using the educational plots of this story in the educational process.

Keywords: *folk pedagogy, education, morality, tradition, nature, educational values, national culture, characters, symbols.*

Ар бир өлкөдө чыгармасы кызуу талкууну, терең ой жүгүртүүнү жараткан жазуучулары бар. Кыргыз элинде, дегеле поссоветтик өлкөлөрдүн баарында акылмандыктын жана адам жашоосунун негиздерин терең түшүнүүнүн символу болуп Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы саналат.

Ч. Айтматов өзүнүн “Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт” повестин Владимир Санги айтып берген нивх уламышына негиздеген жана чыгарманын башына “Досум Владимир Сангиге арналат” деп жазып койгон. Айтматовду толкундантkан лувр деп аталган өрдөк жөнүндөгү окуя болгон, ал өзүнүн тукумунун уланышы үчүн энелик камкордугу менен көкүрөгүнөн жүндөрүн жулуп алып, алардан уя жасап, чексиз океандын ортосунда жер жараткан. Ошондой эле повестте жазылган окуя адамзаттын түпкү атасы болгон Улуу Балык Аялдын (Русалка) (нивх элинин уламышында) доорунда Охот деңизинин жээгинде болуп өтөт. Мифологиялык мотивдер жалпы сюжетке кемчиликсиз айкалышып, адам тагдыры жөнүндөгү жөнөкөй окуяны үлгүлүү аңгемеге айландырат. Окуя Сахалин аралында жашаган кичинекей, дээрлик экзотикалык нивх элинин жашоосун сүрөттөйт Повестте сүрөттөлгөн деңиз жээгиндеги боксө тоолор ала-була болуп жаткан кары менен ала дөбөттөй болуп көрүнөт. Деңиз аңчылыгына чыккан мергенчилер ал бөксө тоону ала дөбөт деңиз бойлой узатып келе жатат деп, деңизден көрүнбөй калганда аладөбөт үйүнө кайтып кетти дешип,мергенчиликтен кайтып келе жатышканда ала дөбөт алдыбыздан тосуп чыкты деп коюшат. Повесттин аталышы мына ошол ала дөбөткө окшогон ала дөбөттүн атынан коюлган.

Анда эмесе “Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт” романы менен кыскача таанышалы. Адамзаттын ата-бабаларынын байыркы доорлорунда, адам менен жаратылыш бирдей деңгээлде болбогон жана табият адамдын тагдырын башкарган кездерде, Сахалин аймагында кичинекей жана сырдуу нивх эли жашаган. Бул элдердин жашоо образы, дүйнөсү түздөн-түз деңиздин күчүнө көз каранды болгон. Суу аларга тамак-аш жана өмүр берген, бирок ал өлүмдү да алып келиши мүмкүн экендиги да белгилүү. Деңиз алардын колдоочусу жана ошол эле учурда эң чоң сыноочусу болгон. Башкы каарман, он бир жашар бала, биринчи жолу ачык деңизге аңчылыкка чыгаарда кайраттуулук жана туруктуулук сынагынан өткөн. Деңиз жана кургактык - түбөлүк карама-каршылыктагы табияттын эки элементи. Илгери-илгери Жерде суудан башка эч нерсе жок болчу. Кичинекей нивх элинин уламыштары боюнча жерде жашоо үчүн күрөшүп, тукумун улоо үчүн өз жүнүнөн уя курган Лувр аттуу өрдөктүн уясынан пайда болгон деп түшүнүшкөн.

Илгертеден деңиз жээгие байырлап, жашоо тиричилигин деңиз менен өткөргөн нивх уруусунан төрт адам каада-салты, дөөлөтүжана негизги чарбасы болуп калган деңиз аңчылыгына чыгышат. Бул жолку аңчылык башкалардан айырмаланганы тестиер Кирисктин аңчылыкка тушоосу кесилип жаткандыгы эле. Бул жолку деңизге чыккан мерегенчилер үч муундун өкүлдөрү: Орган чоң ата, ал уруунун эң кадырлуу аксакалы, кадырман карыясы, андан кийин күчкө толуп, баралына келип турган Эмраин-Кирисктин атасы, ошондой эле аны менен тең чамалаш Мылгун байке. Булар деңиз аңчылары. Кайыктагылардын эң кичинеси он бир, он эки жашар Кириск.

Чыңгыз Айтматов үч муундун өкүлүн тандагандыгы, жаш муундар улуу муундардан тирүүлүктү өткөрүп алып, кайра кийинки муунга өтөрүп берип туруу табигый мыйзам экени көрсөтүлүп, ар бир муундун алдында кийинки муунга бул милдетти татыктуу аткаруу тургандыгын маалымдоо бар.

Он бир жаштагы Кириск биринчи жолу ачык деңизге чыга турган болду. Бул анын мергенчи болорун же болбоорун аныктай турган маанилүү окуя болчу. Атасы Эмрайин, нивх уруусунун улуусу Орган жана атасынын бөлөсү Мылгун аны менен кошо кайыкка түшүштү. Ал кургактыктан алыстап баратканда, алыстан деңиздин жээгинде чуркап бараткан алп итке окшош жарды көрдү. Бардык чоңдор бул саякат Кириск үчүн атайын жасалганын түшүнүшөт. Алар бала менен жылуу тамашалашып, анын кайратын жана мергенчи болууга даярдыгын текшеришет. Акыры, алар биринчи аралга, алардын олжосу болгон тюлендердин жатаканасына жетишет. Кириск биринчи жолу мылтык алып, атып жиберет, бирок мээлеген олжосуна тийбей калат. Ал капаланып, көңүлү чөгүп калат, бирок чоңдор аны урушпастан кайра ага дем беришет. Мылгун «эч ким биринчи ок менен мергенчи болбойт», - деп баланы сооротот. Мергенчилер биргелешкен күч менен тюленди атып, аны тез эле кайыктын ичине салышат. Алар нивх элинин ырым-жырым жасашып, -жаныбардын чийки боорун жешет. Ушул окуядан кийин Кириск чыныгы мергенчиге айланат. Тюлендин чийки боорун жегенден кийин ал суусап калат. Бирок Орган балага таза сууну үнөмдөөнү эскертет, анткени алар дагы эле башка аралга барып, мергенчиликти улантып, кайра үйлөрүнө кайтышы керек. Алардын жанында бир гана челек суу бар. Экинчи аралга бара жатып, мергенчилер күтүүсүздөн катуу бороонго кабылышат. Алар бул бороондо кайыкты мергенчилердин эпчилдиги менен сууда кармап турушат да аман калышат, бирок катуу бороондон кийин айлананын баары туманга чөмүлүп калат. Эч ким кайда барарын билбейт, кайыкты деңиз агымы белгисиз багытта алып кетет. Бул окуя адам баласынын табияттын таасирине каршы күрөштө өзүн алсыз сезеерин далилдейт.

Ошентип бир нече күн бою алар белгисиз тарапка сүзүп жүрүшөт. Мергенчиликте атып алган тюлендин өлүгүн деңизге ыргытууга туура келди. Болгону бир аз кургатылган юкола (кургатылган балык) жана тез бошоп жаткан бочкадагы суу калды. Сууну бөлүштүрүү үчүн карыя Орган жооптуу. Суу бир нече күнгө бөлүштүрүлүшү керек, ар бир адамга бир аз гана суу берилет. Улгайган адам катары Орган такыр ичпейт жана көп өтпөй өзүн деңизге ыргытууну чечет. Бул мергенчилердин алдында уруунун келечеги болгон баланы куткаруу эң маанилүү милдет болуп турат. Эмрайин өзүн сууга таштаардан мурда Кирискке сууну кантип

үнөмдөө керектигин, аябай суусасаң, “чычкан аке суу бер” дей берсең, чычкан аке суу берет, сен кандай болсо да жээкке жетип, уруунун тукумун улашың керек деп тынымсыз кулагың куюп, түшүндүрөт. Акырындык менен Мылгун менен Эмрайин Органдын артынан жөнөшөт. Кириск кайыкта жарым жан, алсырап, идиштеги акыркы суунун тамчыларын да алып ичүүгө күчү жетпей жатат. Ушул учурда анын көз алдында деңиз бойлой жорткон ала дөбөт пайда болот жана ал үйүнө жеткендигин билдирет. Кирисктин ичиндеги жашоого болгон күчү, чоң атасы жана атасы айтып кеткен насааттары табияттын таасирин жеңген. [3].

Чыңгыз Айтматовдун "Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт” повестинде баланын инсандыгын өнүктүрүүдө башкалардын ролунун маанисин педагогикалык маселе катары чагылдырылган. Бул мергенчиликке чыгууда он бир же он эки жаштагы Кириск бала таптакыр башка чөйрөгө туш болот. Бул повестте табияттын шарттары, үрп-адаттар жана каада-салттар өзүнүн басымдуулугун билдирет.

Айтматов өзү окуянын жаралышын баяндап жатып, чыгарманын адеп-ахлактык жана педагогикалык багытын баса белгилеген: "Мен окурмандарды адамдык адеп-ахлактын негизги баалуулуктары, милдет сезими, башкача айтканда, адамды адам кылган нерселердин баары жөнүндө ойлондургум келди"[1.83-бет].

Бул сөздөрдөн көрүнүп тургандай, повестте Чыңгыз Айтматовдун максаты окурманда милдет жана ар-намыс сезимин өнүктүрүү маселесине тиешелүү. Көңүл чордонунда болгону төрт каарман - үч чоң киши жана бир бала, алардын бардык аракеттери үй-бүлөнүн тукумун улоо үчүн жасалган аракети. Биринчи орунда окурманга "Адам үй-бүлөсүн багышы үчүн жаш кезинен эле өнөр үйрөнүшү керек" деген маани түшүндүрүлөт [2; 119-бет].

Ошондой эле чыгармада Айтматов адамды эки максат башкараарын көрсөтөт. Бири күнүмдүк - тамак-аш табуу максаты; экинчиси руханий, педагогикалык - тукум улоо максаты. Окуянын каармандары ушул эки күчтүн таасири астында деңизде тамак-аш издеп жүрүшөт, бирок бул жолу алардын педагогикалык миссиясы болгон, улуулар балага аңчылык кылууну үйрөтүшү керек, үй-бүлөнүн мураскери катары деңиз мергенчисинин кесибинин зарыл болгон көндүмдөрүн өздөштүрөт.

Бул чыгармада биз уникалдуу педагогикалык экспериментке күбө болобуз-өмүр менен өлүмдүн босогосунда турганда адеп-ахлактык потенциалды сыноо, анда руханий байлык адеп-ахлактык төңкөрүштүн таянычы катары көрсөтүлөт. Ч.Айтматов өзүнүн салтына берилген - ал адамдын жашоого даярдыгы бала кезинен башталышы керектигин жана бул процесс өзгөчө, олуттуу көңүл бурууну талап кылаарын дагы бир жолу көрсөтөт. Бул аңчылык жаш Кирискке аңчылыкты гана эмес, жашоону да үйрөтүүгө арналган: чоң атасы ага күнү-түнү негизги багыттарды аныктоону, жылдыздар боюнча багыт алууну жана тюлендерди аңчылык кылууну үйрөтөт. Ошентип калыптанган айлана-чөйрө жөнүндөгү билим көп жолу сыналып, далилденген жана муундан муунга өтүп келет. Ал өзүнүн жөнөкөйлүгү жана оңой өздөштүрүлүшүнүн аркасында сакталып келет. Негизги идея - туура тарбияланып, мергенчиликте зарыл болгон көндүмдөрдү өздөштүргөндөр гана бардык сыноолордон ийгиликтүү өтө алышаарын билдирет.

"Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт" чыгармасында ар кандай жашоо кырдаалдарында турмуш сабактарына өзгөчө орун берилет. Ч.Айтматов окурмандын көңүлүн элдик педагогиканын бардык эрежелери абдан сыналып, бир нече жолу текшерилгендиктен натыйжалуу экендигине бурат. Тукум улоо үчүн өзүн, өз өмүрүн курмандыкка чалууга даяр болуу адеп-ахлактык өнүгүүнүн аныктоочу факторлорунун бири болуп саналат. Мындай турмуштук мисал балада дароо чагылдырылат. Ал чоңдордун эрдигин кайталоого - суусуздукка чыдагыс абалга келсе дагы суусагандан кыйналса да, сууну үнөмдөө үчүн суу сунушунан баш тартууга даяр. Чыгармадагы бул көрүнүштү Ч. Айтматовдун абдан маанилүү осуяты катары кабыл алышыбыз керек, анткени ал бизге тукум улоо үчүн эң баалуу нерсени курмандыкка чалууга даяр турууну үйрөтүп жаткандай. Башкача айтканда тукум улоо үчүн акыркы деми калганча мураскерди сактап калууну көргөзүп жатат. Өмүрүнүн аягында да адам үй-бүлөнүн мураскерине туура жолду көрсөтүү жөнүндө ойлонушу керек. Бул жашоонун маңызы, атанын уулдагы уландысы, үй-бүлөнүн тагдыры ушуга көз каранды.

Чыңгыз Айтматовдун “Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт” повести аркылуу окуучулардын жана студенттердин руханий дүйнөсүн байытууга жана элдик баалуулуктарды калыптандыруу максатында класстан тышкаркы иштерде пайдалануу маанилүү. Себеби бул чыгармадагы Мылгун, Эмрайн сыяктуу каармандардын укум-тукумду улаш үчүн Кирискке айткан насааттары, мергенчиликтин ыкмаларын үйрөтүшү, табияттын ар кандай кырдаалдарында адамдык сапатты жоготпоо керектиги жаштардын адеп-ахлактык тарбиясын өнүктүрүүгө, улуттук аң-сезимди тереңдетүүгө, табиятка болгон мамилени туура калыптандырууга жардам берет [4; 58-бет].

Повестти класстан тышкаркы иштердин ар кандай формасында уюштурууга болот, мисалы чыгарманын мазмуунун сахналаштыруу менен адабий кечелерди уюштурса каармандардын образын терең түшүнүшөт. Ошондой эле экологиялык талкуу, дебат же тегерек стол уюштурулса суунун мааниси, табиятка туура мамиле кылуу, жылдыз аркылуу жол табуунун маанилери жөнүндө да терең түшүнүк ала алышат. Класстан тышкаркы иштер аркылуу окуучуларда жана студенттерде өз ойлорун эркин билдирүүгө үйрөнүшөт. Бул алардын сынчыл ойлосун калыптандырат.

Класстан тышкаркы иштерде повестти ар кандай ыкмалар менен пайдаланууга болот. Мисалы, адабий кечелерди уюштуруу аркылуу окуучулар чыгарманын мазмунун сахналаштырып, каармандардын образдарын терең түшүнүшөт. Ошондой эле талкуу, дебат же «ачык микрофон» форматындагы иш-чаралар аркылуу окуучулар өз ойлорун эркин билдирүүгө үйрөнүшөт. Бул алардын сүйлөө маданиятын жана сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт.

Мындан тышкары,окуучуларды жана студенттерди табият менен байланышкан экскурсияларга алып чыгуу жана байкоо жүргүзүү иштеринде да пайланууга болот. Мындай иштер жаштарда экологиялык маданияттулукту калыптандырууга чоң обөлгө түзөт.

Жыйынтыктап айтканда, бул повестти класстан тышкаркы иштерде колдонуу менен студенттерге жана окуучуларга тарбиялык, билим берүүчүлүк жана өнүктүрүүчүлүк жактан чоң таасир этет. Ал улуттук баалуулуктарды сактоодо жана жаш муунду тарбиялоодо маанилүү курал болуп кызмат кылат.

Адабияттар:

1. Айтматов, Ч.Т. В соавторстве с землею и водою…– Фрунзе: «Кыргызстан», 1979.
2. Сыздыкбаев, Н.А. Специфика притчевого строения повести Ч. Айтматова «Пегий пес, бегущий краем моря» и романа А. Кима «Отец-лес» // вестник .– Алматы: 2018.
3. Чыңгыз Айтматов. Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт. – Бишкек: Кыргызстан, 1982.
4. Чыңгыз Айтматов. Чыгармалар жыйнагы. 1–3-том. – Бишкек: Адабият, 2008.

УДК 154

КЫРГЫЗ ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАСЫНДА ЭМГЕК ТАРБИЯСЫ ЖАНА ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН «БИРИНЧИ МУГАЛИМ» ЧЫГАРМАСЫНДА ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

Орозалиева Таттуугүл Коңурбаевна - Ош мамлекеттик педагогикалык университети. Эл почта: orozaliva87@ maiI.ru

ТРУДОВОЕ ВОСПИТАНИЕ В КЫРГЫЗСКОЙ НАРОДНОЙ СИСТЕМЕ ОБРАЗОВАНИЯ И ЕГО ОТСЫЛКИ В РОМАНЕ ЧИГИЗА АЙТМАТОВА «ПЕРВЫЙ УЧИТЕЛЬ».

Орозалиева Таттуугул Коңурбаевна - старший преподаватель Ошский государственный педагогический университет orozaliva87@ maiI.ru